# ПЕДАГОГИКА

***УДК: 37.017.92***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.9***

***Айтиева М. А.,***
*ОшМЮИ*

***Айтиева Г. А.,***
*ОшМПУ*

## БАЛА ТАРБИЯЛООДО БЕШИК ЫРЛАРЫНЫН ТААСИРИ

***Кыскача мазмуну***

*Кыргыздардын ар бирине эң кымбат, эң бир ыйык болгон байыркы бешик ырлары аркылуу берилген адеп-ахлак тарбиясынын орду чоң. Бешиктин баланы өстүрүүдөгү орду өтө ыңгайлуу, түзүлүшү жерден жогору болуп, ар кандай аба-ырайына карабай бала үчүн жылуу жумшак жатканга оңтойлуу, эң негизгиси арка омурткасы түз болуп өскөнгө шарт түзүлөт. Бешик ырлары дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде кездешчү, анын ичинде кыргыз оозеки поэзиясындагы лирикалык жанр болуп саналат. Бешик ыры баланы уктатуу, сооротуу, алаксытуу, тарбиялоо максатында айтылат. Ошону менен бирге анда наристенин бактылуу, таалайлуу, элдин кызматына жараган жакшы адам болушу жөнүндөгү ой-тилек, максат да билдирилет. Ошондой эле бөбөктүн келечегине жакшылык каалоону билдиргендиги, ага акыл-насаат айткандыгы менен да айырмаланат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *бешик, ыр, тарбия, бөбөк, ата-эне, акыл-насаат, адеп-ахлак, эне сүтү, ой-тилек.*

## ВЛИЯНИЕ КОЛЫБЕЛЬНЫХ ПЕСЕН НА ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ

***Аннотация***

*Нравственные ценности, передающееся через колыбельные песни имеют огромное значение в воспитании детей. Главное в конструкции колыбели то, что ее удобно складывать и перевозить в условиях кочевья: на лошади, верблюде или телеге, учитывая при этом, что ее форма обеспечивает безопасность ребенка. Колыбель, будучи на определенной высоте, легко качается и при этом ребенку будет удобно и комфортно в любую погоду. Колыбельные песни встречаются во многих народах мира. Колыбельная песня поется для того чтобы уложить, успокоить, отвлечь и воспитать ребенка, также в нем сочетаются пожелания, призыв стать лучшим человеком, который будет заботиться о своем народе.*

***Ключевые слова:*** *колыбельная, песня, воспитание, младенец, родители, нравоучения, традиции, материнское молоко, пожелания.*

## THE IMPACT OF LULLABIES ON BRINGING UP A CHILD

***Abstract***

*Ancient lullabies which are the most valuable and sacred for each Kyrgyz person have a great role on bringing up a child morally. The cradle is very comfortable in growing a child. It is below the ground on its shape and warm in any weather, mainly it helps a child's back spine to be formed straight. Lullabies are sung by all people in the world, among them by Kyrgyz, too, being considered as lyrical songs. They are helpful to put a child to sleep, to calm, to distract and to educate. Besides it, while singing a lullaby people wishes a child to be happy and to have a bright future. Thus, lullabies differ from other songs with their wishing all goodness for a child and bringing up him with wise words.*

***Key words:*** *a lullaby, a song, up-bringing, a baby, parents, wise words, morality, folklore, wish.*

Байыртадан эле кыргыздар баласын «бактым, базарым, отумду өчүрбөй, тукум уулоочу мурасым» дешип, туу катары тутушкан. Абалтан кыргыздар «балалуу үй базар» деп кудайдан көп балалуу болууну тилешкен. Анын ар бир ата-эне «бала боор эт менен тең бүткөн» - деп, жыйган-тергенин, адам затындагы эң бир асыл касиеттерди, бир сөз менен айтканда өзүндө, жер жүзүндө болгон бардык жакшы нерсени балдарына арнаган. Болокчоктогу өбөгү, жөлөгү, арка бели боло турган баласын арчадан, эчки талдан, кайыңдан коздолуп жасалган бешикке салышкан. Арчага чымын-чиркей жолобогон, адамды тазалап туруучу касиети бар экенин илим да айтат. [2]

Бешиктин баланы өстүрүүдөгү орду өтө ыңгайлуу түзүлүшү жерден жогору болуп, ар кандай аба-ырайга карабай бала үчүн жылуу-жумшак жатканга оңтойлуу, эң негизгиси арка омурткасы түз болуп өскөнгө шарт түзгөн. Кайсыл мезгил болбосун бала үчүн бирдей тем-

ператураны сактаганы менен өзгөчөлүккө ээ десек болот. Көчүп-конуп жүргөн элибиз баланы бөлөп, алдына өңөрүп алып кайсыл тарапка болсо да жүрүүгө оң болгон. Канча убакыт жол жүрбөсүн баланын ден-соолугуна зыян тийбегендей шартты бешик түзгөн. Ошондуктан бели катканча же басып калганча бешикке бөлөп, баланын ден-соолугуна өзгөчө кам көрүшкөн. Баланын омуртка сөөгүнүн түз болушу анын өсүп жетилишине шарт түзөрүн билишкен. Эгерде баланын бел омурткасына кичине зыян кетип, түз болбосо өсүүсүнө терс таасирин тийгизээрин биздин ата-бабаларыбыз илгертен эле өздөштүрүп, бешикти ойлоп таап, бала өстүргөн бабаларыбыздын кыргыз турмушундагы өзгөчө сыры-касиети бар коомдон орун алган ыйык буюм –бешик экенин билүүбүз зарыл. [3]

Биздин ата-бабаларыбыз аалам сырларын өздөштүргөн акылман калк экенин калтырган мурастарын өздөштүрүү менен биз өзүбүздү кайра толуктоого жана таң калып таасирленүүгө арзыйт. Наристе талпына баштаганда, ал ыйлаганда сооротуш үчүн, же уктаарда бешикти терметкенде:

«Алдей бөпөм ыйлаба,

Менин жаным кыйнаба.

Атаң тойго кетиптир,

Ак кесе толо эт келет»,- деген мээримдүү мүнөздөгү, созолонгон ыргактарга бай, жүрөктүн түпкүрүнөн сызылып чыккан мукамдуу обондордо бешик ырларын ырдашкан.

Бешик ырларында күндөлүк жашоодогу турмуш, ата-эненин тойлордо, ар кандай иштерде жүргөнү, жашап жаткан заманы келечеги жана башка темалар баяндалган. Алар:»Бешик ыры», «Алдей, алдей», «Сал билек» деген аттарда ырдалган. Ата-эненин ички тунук сезими, коомдук турмушка болгон көз карашы камтылган терең мазмундуу ырлардын ар бири наристе үчүн тарбиялык мааниси өтө зор болгон.

Бешик ырлары – дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде кездешет, анын ичинде кыргыз оозеки поэзиясындагы лирикалык жанр. Бешик ыры баланы уктатуу, сооротуу, алаксытуу, тарбиялоо максатында айтылат. Ошону менен бирге анда наристенин бакты-таалайлуу, элдин кызматына жараган жакшы адам болушу жөнүндөгү ой-тилек, максат да билдирилет. Ошондой эле бөбөктүн келечегине жакшылык каалоону билдиргендиги, ага акыл-насаат айткандыгы менен айырмаланат.

Бүгүнкү күндө баланын рухий дүйнөсү жана тарбиясы үстүндө иштегендер да бешик ырларынын маанисин белгилеп, балдарга энелери тарабынан бешик ырларынын ырдалуусу керек экендигин айтып жатышат.

Бешик ырлары эненин баласын уктатуу үчүн белгилүү бир обон созуп ырдаган элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрүнө кирет. Эне баласына болгон сезимдерин, сагынычын, үмүтүн, тилектерин, сүйүнүчүн, кайгы–кубанычын бешик ырларында чагылдырат. Адам баласынын жашоосунда бешик ырларынын мааниси чоң. Бала туулган күндөн баштап эне тилин угуп жана үйрөнө баштайт. Алгач мугалими энеси болот. Энелер ымыркайга эне тилин бешик ырларынын жардамы аркылуу үйрөтүшөт. Балдар угуу, кабыл алуу жолу менен үйрөнүшөт.

Бешик ырлары баланын угуу маданиятынын түптөлүшүнө жардам берет деп айтсак болот. Бала музыкалык ырахатты бешик ырлары аркылуу эне тилинде жана эненин кучагында алат. Бешик ырлары барган сайын унутулуп баратат. Бул адамзаттын өнүгүшүндө абдан чоң феноменге ээ болгон бешик ырын бүгүн биздин энелерибиз ырдабай калды. Адистердин айтымында бешик ырын уккан баланын тили бат чыгып, дүйнөнү кабылдоосу дагы бат болуп, угуу сезими бат өнүгүп, жүрөгү жумшак болот.

Бешик ырын угуп отуруп, андан күч алып, уйкусу тынч, ал эми ара төрөлгөн бала бешик ырын укса бат торолуп, ден соолугу да жакшы болот. Бешик ырын энелер ырдай берсе, эненин мээрими төгүлүп, эненин сүтү да жакшы чыгат. Энелердин өзүнүн үнү менен эч кандай музыкалык инструменттин коштоосу жок, баласына арнаган бешик ырынын мааниси чоң. Эне менен баланын, ата менен баланын ортосундагы өз ара мамилелери канчалык жакын болсо, ошончолук баланын өнүгүүсү үчүн баа жеткис каражат экенин, бала тарбиялоодо чоң таасир берери анык.

Балдарга бешик ырын ырдап, жаңыча тартип, ирээти менен жашоого даярдашыбыз керек. Балдар 10-12 саат укташы зарыл. Балага жомок окуп, бешик ырын ырдаганда ал тартиптүү, ыймандуу болот. 1970-жылы Совет мезгили гүлдөп турган учурда бешикти колдонбой, бешикте термелген баланын мээси чайкалып калаары, ошондуктан коляскага өтүү жөнүндө Кыргызстан Компартиясынын атайын чечими чыккан. Ошондо кыргыздын таланттуу уулдарынын бири, жазуучу Мурза Гапаров бешиктин жакшы жактарын айтып, Компартиянын чечимине каршы чыккан пикирин «Комсомольская правда» гезитине жарыялаган эле.

Бешик ыры баланы эле сооротуп, уктатпастан, эненин өзүнө да оңой эмес эмоция тартуулаган. Эне баласына тилек-мүдөөсүн айтып ырдоо менен өзү да жеңилдеген, кыйналганы, арып-чарчаганы басылган, алыстагы ата-энесине, бир туугандарына болгон сагынычы, кусасы басаңдаган. Бешик ырлары – аялзатынын чыгармачылыгынын бир өнүтү. Салтуу коомдо аялдар өздөрүнүн көркөм чыгармачылык талантын эки гана жерде ача алышкан. Бешик ырларын ырдганда жана кошок кошкондо. Энелер бешик ырларын ар кандай социалдык мотивдерди, тигил же бул кырдаалды чагылдырып ар дайым сөздөрүн жаңылап ырдашкан. Бешик ыры эне менен баланын ортосундагы бекем эмоционалдык байланышты камсыздаган. Анткени эненин үнү наристени камкордукка, мээримге бөлөп, коопсуз экенин сездирип, магдыратып уйкуга жетелеген. Бүгүн биздин энелерибиздин дээрлик көбү бешик ырын ырдабай калышты, ырдай да алышпайт. Анын маанисине да кайдыгер карашат. Ошол эле учурда бала тарбиялоодогу салттуу педагогиканын маанилүү элементи болгон бешик ырларына наристелерибиз бүгүн деле муктаж экендигин заманабий адистер тынбай айтып келишет. Анткени бешик ырын угуп чоңойгон баланын социалдык-психологиялык өнүгүүсү бир топ жогору экендиги практикада далилденген. Бешик ыры баланын айлана-чөйрөнү таанып билүүсүн эртелеткен. Ыр аркылуу баарлашуу баланын кабыл алуусун, эс-тутумун эрте калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Ошондой эле этнопедагог А. Алымбеков да баланы уктатуу үчүн алдей ырын жараткандыгы баланы өстүрүүдөгү эң өзгөчө ыкмасы экенине көңүл болгон. Обон, сөздүн таасири тил татымын ойготуп, музыкалык туюмун жогорулатарын айткан.

Ал эми Амантур Акматалиевдин «Кыргыздын көөнөргүс дөөлөттөрү» деген эмгегинде «Бешик той» деген темада бешикке салуу, балага көрүлгөн ата-эненин кам-

кордугун айтып, бешик ыры жөнүндө учкай сөз козгойт. «Бешик ыры» энелердин жүрөгүнөн жаралган, балага арналган, актилек болгон соң, кимге, кандай адам болбосун жагымдуу маанай жаратып, баланын кулагынан жүрөгүнө жетери анык. Бала эне тилиндеги сөздөрдү угуп бала тарбиялаган энелер да, өз тилине урмат менен мамиле жасаса кыргыз элиндеги бүгүнкү кетирилип жаткан кемчиликтерге көңүл бурулат. Балдарга билим-тарбия берүүдө, дүйнө таанымдарын өстүрүүдө кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармаларынын үлгүлөрүн, элдик педагогиканын кылым карыткан салттуу, өзөктүү идеяларын учурдагы илимий педагогикалык, методикалык изилдөөлөрдүн жана алдыңкы иш тажрыйбанын жыйынтыктарын окуп үйрөнүп, билим берүү мекемелеринде системалуу пайдалануу чоң мааниге ээ. [8]

Илгертеден биздин ата-бабаларыбыз таалим тарбия берүүдө макал-лакаптарды ийгиликтүү колдонушкан. Нускалуу, өрнөктүү адамдар макалдатып айтуу менен балдардын жаш кулактарына ылайык нравалык, интеллектуалдык, физикалык, эстетикалык, этикалык эң маанилүү сапаттарын өркүндөтүшкөн жана ден соолуктары чың, руханий жактан өнүгүүлөрү бай болушу үчүн кам көрүшкөн. Педагогика илимин негиздеген улуу педагог Ян Амос Каменский илимий педагогиканын негизги багыттарын түптөөдө кылым карыткан элдик таалим-тарбия үлгүлөрү, элдик макал-лакаптар, оозеки көркөм чыгармалары, улуттун руханий маданий дөөлөттөрү, каада-салттары негиз болорун белгилеген. Я. А. Каменский ойлорун өзүнүн илимий эмгектеринде бекемдеп, баланы турмушка тарбиялоодо элдин өзү педагог, тарбиячы экендигин далилдөө менен бирге балага таалим –тарбия берүүнү мезгилдерге бөлүп:

- төрөлгөндөн алты жашка чейинки тарбияны энелер мектеби,
- алты жаштан он эки жашка чейин эне тилинин мектеби, [5]деген идеясына маани бербей жаткандыгыбыз өтө өкүнүчтүү экенин айткан. Ошонун кесепетинен улуттун салтын, үрп-адатын, жүзүн, эне тилдин бүт акыл эсине тийгизе турган касиеттерин балдарыбыз аңдабай калып жатат. Эне тилин билбеген бала улуттун жүзүн таанербайт. Сөздүн касиетинен (ар бир сөздүн үнүнөн, музыкасынан, ыргагынан ж. б.) куру жалак калып жаткандыгы жалпыбызга маалым. Бала мектепке келгенге чейин эле таанып-билүү мүмкүнчүлүгүнүн эң сонун көндүмдөрүнө ээ болууга тийиш.

В. Г. Белинский үй-бүлөдө тарбиялоо маселесине көп көңүл бөлгөн. Жалпы адамдык тарбия берүүгө деп жазган ал, жалаң гана коом милдеттүү болбостон, үй-бүлө да, ата-эне да милдеттүү. Үй-бүлөдөгү тарбия баланын коомдук ишке кызыгуусун жана умтулуусун жаш кезинен өнүктүрүүгө тийиш.[4]

Н. К. Крупскаянын айтуусу боюнча «Эне – табигый тарбиячы», эненин балдарга тийгизген таасири чоң. Ал адамдын мүнөзүнө, анын андан аркы өнүгүшүнө кетпес тамга басат. Мектептер ата-энелерге (биринчи кезекте энелерге) балдарын тарбиялоосун туура багыттого, жардамдашууга милдеттүү.[6]

А. С. Макаренко үй-бүлөдө тарбия проблемасына, ата-эненин авторитети деген жалган түшүнүккө терең психологиялык-педагогикалык анализ берген. Ал ар бир ата-энеден балдарына чынчыл жана акыл эстүүлүк менен жетекчилик кылышын, балдарды тарбиялоодогу милдеттүүлүгүн коом алдында сезүүсүн талап кылган. [7] «Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү»-деп эскерет залкар жазуучу Ч. Айтматов.[1]

Мына ошол чоң энесинин мээримине балкып, анын айткандарын туюп угуп, көкүрөгүнө сиңирип, кайрадан укмуштуудай бир ажайып түс менен элге тартуулагандыгына, анын калемине таандык чыгармаларды окуганда, автордун үнү угулуп тургандыгына баарыбыз күбөбүз.

Ал эми орус элинин улуу педагогу К. Д. Ушинский баланы тарбиялоодо эненин ролу өзгөчө экендигин “Аял затына өз балдарын тарбиялап өстүрүүгө умтулуу жана ошону менен бирге бул үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүк да кошо берилген», - деп жазган. Ошондой эле Пирогов: Бешиктеги баланы багып чоңойтуп, ага балалыктын сан түркүн оюнун ойнотуп, аны сүйлөөгө үйрөтүү менен өздөрү коомдун эң башкы түзүүчүсү болуп калышаарын аялдар түшүнүп коюшсун, бардык нерсеге аялдар чыйыр салат», - деп айткан.[9]

Бешик ырынын башкы максаты – унутулуп бара жаткан улуттук баалуулуктарды, кылым карыткан кыргыздын көөнөргүс каада-салттарын жарык дүйнөгө келген наристеге жеткирүү болуп саналат. Эне бешик терметип, ак тилегин балага арнаганда гана балдардын жан дүйнөсү тазарат жана эненин ошол аруу тилектери кудайга жетип, ал жер бетиндеги пенделерине ыймандуулук ыроолойт. Баласына бүт жакшылыкты арнаган эненин тилеги ошол бешик ыры аркылуу жүрөгүнөн түнөк таап, жан дүйнөсүнө сиңип чоңоет. Кийинки кездерде бешик ыры түгүл, бешиктер да жашоо-тиричиликте колдонулбай калды. Баласын коляскага салган жаш эне, керек болсо анын чоң энеси деле бешик ырын ырдабайт да, баланын үн ыргак аркылуу дүйнө таанымын өстүрүүгө бөгөт болууда. Мектепке чейинки куракттын баалуулук идеясы чех элинин чыгаан педагог-ойчулу Ян Амос Каменскийдин педагогикалык мурастарында, анын ичинде эң негизги эмгектеринин бири болгон «Энелер мектебинде» чагылдырылат [5].

Бешик ырын кайрадан калк арасында жандандыруу аркылуу кыргыздын унутулуп бара жаткан керемет дүйнөсүн кайра жараткан болобуз. Бешик ырларындагы образдар–лирикалык каармандар, наристенин өзү, анын энеси, атасы ж. б. ага-туугандары болуп саналат. Бешик ырларында ыр саптары кайталанат. Муну менен наристенин эске тутуусу өнүктүрүлөт, сөз маанисин түшүнүүсү артып, акыры тили чыга баштайт. Мына ошондуктан эне тилдин башаты бешик ырлары болуп эсептелинет. Анын турмушунан айлана-чөйрөдөгүлөрдүн жашоо шартынан алынып, аларга кандайдыр деңгээлде ошол жараткан кишилердин дүйнөгө көз карашы, коомго, заманга мамилесин чагылдырат.

Бүгүнкү күндө балдарга бешик ырларын ырдап берген энелердин саны азайганы капа кылбай кое албайт. Балдарды тарбиялоодо механикалык керебеттерге караганда бешиктин ролу зор, ал бардык жагынан ыңгайлуу, ошондуктан бешикте эненин мээримин наристе сезип, туюп чоңоёт. Келечекте энелер өз энелеринен бешик ырын укпагандыгы, үйрөнбөгөндүгү үчүн бешик ырлары акырындап унутулуп келет. Инсандарды татыктуу тарбиялоо менен өнүккөн коомдук жашоого жана гармонияга жете алабыз. Бул тарбиялоо процессин туура негиздер менен баштоо үчүн кулк-мүнөздү тарбиялоодо

алгачкы тарбия материалы болгон, эне сүтүндөй аруу, таза болгон бешик ырлары менен башташыбыз туура деп ойлойм.

***Адабияттар***

*1. Айтматов Ч. Т. Чыгармаларынын VIII томдук жыйнагы / Айтматов Ч. Т. - Бишкек, 2008.*

*2. Бекбоев И. Б. Таалим-тарбия берүүнүн сегиз ачкычы. / Бекбоев И. Б. - Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, №2. - Бишкек, 2008.*

*3. Безруких М. М. Готов ли ребенок к школе? / Безруких М. М. - Москва, 2001.*

*4. Белинский В. Г. О детских книгах. / Белинский В. Г. – М., Вентана, 1982.*

*5. Каменский Я. А. Материнская школа. / Каменский Я. А. Пер. с нем. – М., 1979.*

*6. Крупская Н. К. О дошкольном воспитании. Педагогическое сочинение в 10-ти томах / Крупская Н. К. –М., 1969.*

*7. Макаренко А. С. О воспитании. / Макаренко А. С. - М, 1990.*

*8. Түгөлбаев М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. / Түгөлбаев М. - Бишкек, 1991.*

*9. Маркова Т. А. Подготовка детей к школе в семье. / Под ред. Марковой Т. А., - М, 1981.*

***УДК:300.372.(16).***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.60.12***

***Айтиева Г. А.,***
*ОшМПУ*

***Айтиева М. А.,***
*ОшМЮИ*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ”КУТ АЛЧУ БИЛИМ” ПОЭМАСЫНДАГЫ ДҮЙНӨ ТААНУУГА БОЛГОН КӨЗ КАРАШТАР

***Кыскача мазмуну***

*Бул макала Ж. Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасындагы философиялык көз караштарды, дүйнө түшүнүүсүн, дүйнө таанымын, башкача айтканда гносеологиясын изилдөөгө арналган. Ж. Баласагындын материализми анын стихиялык-диалектикалык көз караштары менен тыгыз байланышкан. Ал жаратылыштын бардык кубулуштары өсүп турат жана ошол өзгөрүүгө ылайык дайыма кыймылда болот, эски нерсе өлүп, жаңыга өз ордун бошотуп берет, адамдын турмушу түбөлүктүү эмес, адам дагы төрөлүп, кайра картайып жана өлүүгө мажбур деп жазган. Ж. Баласагын материализм жана стихиялык диалектика тууралуу өзүнүн идеяларын бир гана жаратылыш көрүнүштөрүнө эмес, коомдук турмушту изилдөөдө да колдонуп кеткен. Ж. Баласагын Күнтуудуну мыйзамдуулуктун символу катары караган. Анын пикири боюнча адилеттүүлүк, адеп-ахлактуулук мамлекет башкаруучусуна тиешелүү эң зарыл сапаттардын бири. Мамлекет башчысы мыйзамдын негизинде адилеттүү башкарса, сөзсүз түрдө адилеттүүлүк ишке ашат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *дүйнө тааным, философиялык көз караштар, космогония, тарбия, күн, өлүм, аба, жер, поэма, планета.*

# ВЗГЛЯДЫ НА МИРОВОЗЗРЕНИЯ В ПОЭМЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА “БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ”

***Аннотация***

*Эта статья посвящена изучению философских взглядов, миропонимания, мировоззрения, т. е. гносеологии в поэме «Благодатное знание» Ж. Баласагына. Материализм Ж. Баласагына тесно связан с его стихийно-диалектическими воззрениями. Он писал, что все явления природы растут и находятся в постоянном движении, что старое умирает и уступает место новому, что человеческая жизнь не вечна, что человек рождается заново, стареет и вынужден умереть. Ж. Баласагын использовал свои идеи о материализме и стихийной диалектике не только при изучении природных явлений, но и при изучении общественной жизни. Ж. Баласагын считал Кунтуду символом легитимности. По его словам, справедливость и нравственность являются одними из важнейших качеств правителя. Если глава государства правит честно на основе закона, справедливость обязательно восторжествует.*

***Ключевые словы:*** *миропознание, философские взгляды, космогония, воспитание, солнце, смерть, воздух, земля, поэма, планета.*